КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ШЕКЕРСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**11.03.2024-ж № 1** **Көк-Сай айылы**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кенешинин I-чакырылышындагы 2 сессиясы**

## «Көк-Сай » айыл өкмөтү мекемеси “Шекер” айыл өкмөтү мекемесине кошулуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” №370-катар сандуу Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү №52-токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, “Шекер айыл аймагынын” айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Талас облусунун Айтматов районунун Көк-Сай айылдык аймагынын «Көк-Сай айыл өкмөтү» мекемеси менен Талас облусунун Айтматов районунун Шекер айылдык аймагынын «Шекер айыл өкмөтү» мекемесинин бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун Айтматов районунун «Шекер айыл аймагынын айыл өкмөтү» болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.
2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы Көк-Сай айыл өкмөтүнүн мекемесинин башчысы Чомотоев Канат Керимкуловичке жана Шекер айыл өкмөтүнүн мекемесинин башчысы Кемелбек уулу Максатка жүктөлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдү өзүмө калтырам.

Төрага К.Иманалиев